# СОЦИАЛДЫК – ДЕМОГРАФИЯЛЫК ПРОЦЕССТЕ АНТРОПОСОЦИЕТАЛДЫК МОДИФИКАЦИЯСЫ

**САЛМОРБЕКОВА Р.Б.**
*Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети,*

**УДК: 316.3(575.2)**

*Киришүү.* Азыркы коомдо социалдык чыңалуу «точкасын» топтогон топтор бар. Социалдык мамиледе – бул пенсия курагындагылар, жаштар, жумушсуздар, бюджет кызматкерлери, аз камсыз болгон жана көп балалуу үй-бүлөлөр ж.б. Территория боюнча – бул жашоо деңгээли төмөн, жумушсуздуктан миграциянын агып чыгышы жана келишинин жогорку деңгээлдеги аймактары.

Мындай аймакка жаңы конуштар кирет. Калктын активдүүлүгү ички жана тышкы миграцияны күчөттү, материалдык абалдын тез катмарланышы башка этникалык жана социалдык топтордун өкүлдөрүнө социалдык чыдамсыздыкты жаратты. Соңку 20 жыл ичинде Бишкек шаарынын айланасына 47ге жакын жаңы конуштар пайда болду. Азыркы Кыргызстан үчүн Бишкек шаарындагы жаңы конуштардын абалын изилдөө актуалдуу. Бирок, официалдык статистикалык базада жаңы конуштарда жашаган жарандар камтыган жок, анткени бул жерде жашагандар каттоодон өткөн эмес. Көптөгөн жаңы конуштарда азыркы мезгилге чейин социалдык объектилер, жолдор салынган эмес, коммуникация бара элек жана инфраструктура толугу менен өнүгүүдөн артта калган.

Жаңы конуштардагы тиричилик үчүн керектүү шарттын жоктугу, инфраструктура, антисанитариянын төмөндүгү акырындык менен социалдык чыңалуунун чордонуна жана жогорку криминалдык территорияга айланууда. Мамлекет тарабынан көйгөйлөр көз жумдуда калса жашоочулар арасында социалдык жарылууларды, нааразычылык акцияларды, социалдык, аймак аралык конфликттерди алып келиши мүмкүн.

Чыныгы көйгөйлөрдүн жана конфликттердин өз тамыры бар жана ал жергиликтүү деңгээлде башталат. Элдердин күнүмдүк жашоосундагы көйгөйлүү маселелерди чечүүчү орган катарында жергиликтүү өз алдынча башкаруу каралат. Эреже катарында жергиликтүү эл күнүмдүк турмуштук баш аламандыктарды өз убагында ажырата карай алышпайт жана социалдык чыңалууну кандай чечүүнү билишпейт. Жергиликтүү бийлик болуп өткөн конфликттерди чечүүгө аракет кылышат, анткени конфликттерди алдын алуу жана чечүү системасы жок. Жергиликтүү органдардын жетишсиз компетенциясы конфликттерди алдын алуу жана чечүүгө алып келбестен, алар көмүскөдө калууда.

*Методология.* Акыркы убактарда социологиянын багыттары жана методдору да жашоонун агымы менен чоң ылдамдыкта өзгөрүүдө. Сандык изилдөө менен бирге изилдөөнүн сапатына, шексиздигине, чындыгына барган сайын абдан чоң көңүл бурулууда. Социологиянын методдорунун алга жылуусу менен бирге – массалык сурамжылоодон сапаттык изилдөөнүн ыкмаларын кеңири колдоно баштадык, аларга: байкоо жүргүзүү, кейс-стади, интервью, эксперттик сурамжылоо, «эго-документтерди» чечмелөө, фото анализ, фокус-топ жана социалдык иконочөйрөнү талдоо ж.б.

Бул иште социологиянын сандык жана сапаттык методдору кеңири колдонулган: байкоо жүргүзүү, документалдык анализ, статистикалык талдоо, кейс-стади, эксперттик сурамжылоо, фокус-топ, элдин пикирин билүүчү карточкасы, PRA – айылдын муктаждыктарын изилдөө ыкмасы жана гендердик анализ. 2007-жылдан тартып Кыргыз Республикасынын аймактары боюнча аталган темада 3 630 респондентти камтыган анкеталык, 68 эксперттик сурамжылоо, 32 фокус-топ, PRA – айылдын муктаждыктарын изилдөө жана гендердик анализ методдору кеңири колдонулган социологиялык изилдөөлөр жүргүзүлгөн.

Чогултулган алгачкы маалыматтарды жарандардын жашоо-тиричилигиндеги чындыгын аныктоодо Баткен, Жалал-Абад, Ош, Чүй, Ыссык-Көл, Нарын, Талас областарынан 24 айыл округун жана Бишкек шаарынан 18 жаңы конуштарынын

тургундарын камтыган социологиялык изилдөө жүргүзүлдү. Негизги донорлор: Мерсико, АРИС, ПРООНдун бир топ программалары, Кыргыз Республикасынын Өкмөттүн аппаратынын территориалдык башкаруу бөлүмү, Кыргызстан Элинин Ассамблеясы, Бишкек мэриясы ж.б. көз карандысыз уюмдар.

Мамлекеттин чыныгы байлыгы - адам, адам ресурсу. Адамды өнүктүрүү жана камсыздоо индикаторлору өткөөл мезгилде экономикалык көрсөткүчтөр жана тенденциялар менен коштолот.

Республикадагы соңку 20 жыл ичиндеги антропосоциеталдык өзгөрүүлөр адам өнүгүшүнүн потенциалына терс таасирлерин тийгизди. Өткөөл мезгил аралыгында калктын кирешесинин индексинин төмөндөшү жана ИДӨнүн кыскарышы кризистик абалга алып келди.

Калктын жакырчылык деңгээлин алардын кирешелери менен аныкталат. Акчалай кирешелерге эмгек ишмердигинен алынган киреше, социалдык трансферттер, жеке көмөкчү чарбадан алынган киреше жана башка кирешелер эсептелинет. Негизги булак катарында эмгек ишмердигинен алынган киреше Кыргызстанда басымдуулук кылат, алсак 67,9 % түзөт. Агрардык мамлекет болуп эсептелсек да кирешенин болгонун 14,8 % жеке көмөкчү чарбадан алынган киреше түзөт. Аймактар боюнча салыштырып карасак Кыргызстандын түштүк аймагындагы калктын акчалай кирешесинин 20 % жакынын тышкы эмгек ишмердигинен келген кирешелер түзөт. Өзгөчө, Баткен – 21,6 %, Жалал-Абад – 20,9 %, Ош – 20,5 % кирешеси сырттан мигранттардын салган акчалары болуп эсептелинет. Жалпы республика боюнча калктын акчалай кирешесинин 10,8 % тышкы мигранттардын эмгек ишмердигинен алынган кирешеси камтыйт. Социалдык трансферттердин негизинде Нарын областы – 19,5 %, Чүй жана Ысык-Көл областары - 12 %, Бишкек шаары – 10,6% акчалай кирешелер менен жашашат. Жеке көмөкчү чарбадан алынган кирешени өзгөчө Талас областы – 45,4 % жана Ысык-Көл областы – 39,6 %.

Антропосоциеталдык өзгөрүүнүн этаптары:

1991-1995-жылдар: азаттыктын башталышы, өлкөнүн кризистик абалы менен байланышкан, трансформациялык төмөндөө. Мындай абал мамлекетти элдик чарбаны демократия жана базар экономикасынын принциптери аркылуу натыйжалуу өнүктүрүү боюнча зарыл кадамдар жүргүзүлө баштады. Кыргыз коомундагы эң оор жылдар: өндүрүш ишканаларынын кыйрашы, жаңы жашоо шартына көнүү кыйынчылыктары, миграциялык процесстин башталышы, жумушсуздуктун күч алышы.

1996-1999-жылдар: жаңы социалдык-экономикалык реформалардын башталышы жана өткөөл мезгилдеги белгисиздик. Традициялык үлгүлөрдүн бузулушу жана модернизациялык процесстин жүрүшү. Социалдык чөйрөдө социалдык чыгымдардын өзгөрүүсү мүлктүк бөлүнүүлөрдүн, жакырчылыктын, социалдык травмалардын өнүгүүсүнө алып келди.

2000-2005-жылдар: спинхемленд мезгилинен башталышы. Бул түзүлүш жакырлардын жашоосун минималдык керектелүүчү деңгээлге көтөрүү үчүн жеңилдетилген маяна төлөп берүү. Системадагы мындай маяна жумушчулардын психологиясын бузду, ошол эле убакта коррупция жана калктын катмарларга бөлүнүшү башталды.

2005-2010-жылдар: социалдык чөйрөдө чыңалуулар күч алды жана бийлик тарабынан кандай гана чечим болбосун эки жүздүүлүк байкалды. Коомдо социалдык-экономикалык тобокелдиктер күч алды.

2010-жылдан бүгүнкү күнгө чейин: социалдык чыңалууга байланышкан абал айлыктын, пенсиянын жана пособиянын көбөйүшү, айыл-чарба өндүрүштөрүнө финансылык жардам берүү менен төмөндөшү байкалууда.

Антропосоциеталдык өзгөрүүлөрдү баалоо максатында эксперттерге төмөндөгүдөй ачык суроо берилген: «Сиздин көз караш боюнча, өзгөрүүнүн социалдык натыйжаларынын «оң жана терс» кубулуш катарында баалайсыз». Аныкталган категориялардын «оң» кубулуштары катарында: «эркиндик» коомдук жашоодогу баардык

чөйрөлөрдө – 43,3 %; жеке сектордун өнүгүшү – 37,2%; коммуникациянын өнүгүшү – 9,2 %.

Эксперттердин берген баалары боюнча «терс» кубулуштар катарында: жашоо деңгээлинин төмөндүгү (28,9 %); жумушсуздук (21 %); мамлекеттик органдардын натыйжасыз иштеши (19 %); салттардагы карама-каршылыктар (11 %); социалдык чыңалуу жана ишенбестик (9,4 %); адамдын ички маданиятынын жакырланышы (7,6 %); ар кандай күчтөрдүн колдонулушу (3,1 %).

Изилдөөлөрдүн жыйынтыктары боюнча, респонденттер кылмыштуулук, жакырчылык, жумушсуздук, экологиялык коркунучтар, коррупция сыяктуу коркунучтардан өздөрүн коопсуздугун сезишет (Кыргызстан боюнча 2000 респондент).

1.1 –таблица. Жарандардын коопсуздугуна коркунуч туудура турган көрсөткүчтөр (% менен)

| Коркунуч туудурган көйгөйлөр | 2007 | 2009 | 2011 |
|---|---|---|---|
| Кылмыштуулук | 58 | 67 | 79 |
| Жакырчылык | 61 | 77 | 73 |
| Жумушсуздук | 86 | 75 | 89 |
| Экологиялык коркунучтар | 76 | 54 | 70 |
| Коррупция | 83 | 79 | 87 |
| Орточо | 72,8 | 70,4 | 79,6 |

Антропосоциеталдык өзгөрүүлөр процессинде коомдун күнүмдүк жашоосунда ар кандай тобокелдик топторуна жолугушабыз. Акыркы 20 жыл аралыгында коомубузда жаңы түшүнүктөр менен бирге жашоонун тобокелдерине туруштук бере албай моюн сунган адамдардын топтору пайда болду. Мигранттар; никесиз балдар (үйсүз жана багуусуз балдар); наркомандар (2010 ж. маалыматтар боюнча 49982 адам); алкоголиктер; ВИЧ/СПИД-инфекциялык ооруларга чалдыккандар (2010 ж. – 554 адам.); майыптар (2010 ж. – 14437 адам); кылмышкерлер (71,7 % жумушсуздар, 97 % Кыргыз Республикасынын жарандары); үй-жайы жок тентигендер (2007 ж. Бишкек шаарында – 500 адам); стресстегилер (2010 ж. – 8739 адам. психикалык жактан жабыр чеккендер); жумушсуздар (101 700 адам - 2011 ж.); өз өмүрүн кыйгандар (205 адам – 2011 ж. 6 ай аралыгында); секс-кызматкерлер; качкындар; социалдык жетимдер ж.б..

Коомдун өзгөрүү убагында адам өзү жеке жашоосунун жолун табуу керек. Өзгөрүүлөр менен кагылышуу жаңы кубулуштар менен болгон күрөштү күчөтөт жана жүрүп жаткан процесстин жаңы шарттарына аргасыз көнөт. Адам жашоонун кризисине кабылат. Социалдык модификация адамдын көз карандысыздыгын коркутат, ал жаңы шарттарга калыптанууну каалабайт. Мындай сокку коомду баш аламандыкка алып келет.

Социологиялык сурамжылоонун маалыматтары боюнча (түштүк аймагы боюнча 600 респондент, 2008-ж.) чет өлкөгө кетүүнү каалагандар (окуганы же иштегени) салыштырмалуу көпчүлүктү түзөт. Аял эркегине карбастан бирдей эле республикадан тышкары кеткилери келет. Баардык жаш курактагылар чет өлкөдөн барып иштегенди же окуганды каалашат. Бирок, «өзүм гана» деген ойдогулар анчалык деле көп эмес. Болжол менен «мен билгенден көптөрү» жетишээрлик жана респонденттердин теңи (55,7 %). Баса белгилеп кетчү нерсе орус тилдүүлөр башка өлкөгө эмиграцияланган, алсак Россия, Германия, Израиль ж.б.

2.2 – таблица. Чет өлкөгө кетүүнү каалагандар (%)

| | Жынысы | | Жаш курактары | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | эркек | аял | 16- | 26- | 50 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | 25 | 49 | жаштан жогору |
| Өзүм гана | 7,5 | 3,7 | 9,2 | 5,5 | 2,6 |
| 1-2 адам | 13,1 | 8,0 | 11,1 | 10,2 | 10,4 |
| Мен билгенден айрымдар | 13,7 | 17,0 | 13,7 | 17,1 | 13,6 |
| Мен билгенден көп эле | 54,9 | 56,5 | 52,3 | 57,0 | 56,5 |
| Билбейт | 10,8 | 15,0 | 13,7 | 10,2 | 16,9 |
| Баары | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |

Республикадагы калктын ички миграциясы менен урбанизация жүрүшү байланыштуу. Айылдагы чоң үй-бүлөлөрдү 1991-1994-жылдары коллективдик чарбалардын кыйрашы, ал эми үлүшкө алган жерлери бага албай калган. Өзгөчө жаштар айыл жергесинен шаарларды карай келүүгө аракет жасашкан, өлкө үчүн жетишээрлик коркунуч туудурду. Жашаганга турак жайлардын жетишпестиги Бишкек жана Ош шаарларынын айланасындагы жерлерди басып алууга үгүттөдү. Бул территорияларда өз алдынча жашоо шартына, ден-соолугуна, жарандардын коомдук коопсуздугуна коркунуч туудура турган абалда жашоодо. Бүгүнкү күндө өз алдынча жер басып алуу көйгөйлөрү сакталып келүүдө, аны менен бирге жер үлүштөрүнө там салууну талаптандырган өлкөнүн борборунда күтүлбөгөн митингдер жана пикеттер болуп жатат. Ички мигранттар шаарларда каттоосу жок жашап жатышат (жашагандыгы тууралуу каттоосу айыл жергесинде калууда) жана шаардын официалдык статистикасына кирбейт.

Социологиялык изилдөөлөрдүн маалыматтары боюнча (2010-ж. 1000 респондент) жаңы конуштардын теңинен көбү (58,5 %), Бишкек шаарынын тургуну деп эсептешпейт. Бул урбанизациянын жогорку көрсөткүчүнөн жана ички мигранттардын көптүгүнөн кабар берет.

Бишкек шаарына мигранттар төмөндөгү аймактардан келет: Нарын областы − 16,5%; Ош областы − 11,5%; Жалал-Абад областы − 9,4%; Талас областы - 5,5%; Ыссык-Көл областы − 5,4%; Чүй областы − 5,1%; Баткен областы − 2,6%; Республика Казахстан − 0,1%.

Мигранттардын жаш курагы 25-60 жаштын айланасында (74,4%). Бишкек шаарына көчүп келүүнүн негизги себептери: жумушсуздук − 41,2%; жашоону жакшыртуу келечеги үчүн − 23,1%; жашоонун ыңгайлуулугу − 12,1%; билим алуу жана балдарга жакшы билим берүү − 11,6%; үй-бүлөлүк шартка байланыштуу − 9,6%.

Нарын (12,6%), Ыссык-Көл (4,3%) жана Жалал-Абад (8,5%) областарында көчүп келүүнүн негизги себеби жумушсуздук; Ош областынан көчүп келгендердин негизги себеби үй-бүлөлүк шартка байланыштуу, борбордо жашоонун ыңгайлуулугу жана татыктуу билим алуу (10,8%).

Мигранттар менен болгон байланышты уюлдук телефон жана интернет аркылуу байланышып, мурункудай кабары жок калышпайт, майрамдарда бири-бирин куттукташып турушат, акча салаары менен чалып же банктан алчу кодду СМС аркылуу жөнөтүп турушат. Мигранттардын тапкан акчасы төмөнкүчө сарпталат: жаңы там, жер, машина, мал, үйдө керектелүүчү буюмдарды сатып алууга; карыз, насыя акчалардан кутулууга; окуу жайда балдарын окутууга, кийим кечек алууга (студенттерге); оруу жыйуу (тоют жана эгин чабууга); аш-тойлорго барганга; ишкердүүлүктү баштоого; эс алууга, дарыланууга.

Урбанизация чоң шаарларды кеңейтүүгө шарт түзсө, тескерисинче кичи шаарлардын жана айылдардын начарлашын алып келет. Мындай жүрүш акыркы жылдары күч алды.

Көрсөтүлгөн кырдаал мамлекеттик саясатты калктын миграцияга байланышкан көйгөйлөрүн чечүүнү күчөтүүнү зарылдайт. Кыргыз Республикасынын аймактарындагы миграциялык процессти калыптарндыруу жана жөндөштүрүү боюнча мамлекеттик органдардын ишин активдештирүү керек.

*Корутунду.* Келтирилген социологиялык маалыматтардан төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарууга болот, биздин өлкөдө кандай гана социалдык конфликт болбосун башталгыч этапы жашоо шартка байланыштуу. Жаңы конуштардын чыныгы жашоосун байкоо, биздин коомдогу ар кандай катмарлардын ар башка жашоо шартта жашагандыгы, албетте, өздөрүнүн жашоосунан ыңгайсыздыкты сезишет, барган сайын начарлап, кыйындап баратат. Буга бийликтин алмашуусу менен экономикалык кыйынчылыктарды алып келип, өлкөдөгү туруксуз саясий абал мүмкүндүк берүүдө.

97,8% эксперттердин пикири боюнча жарандардын социалдык абалы канааттандырарлык эмес. Эксперттер негизги жарандардын социалдык абалына таасирин тийгизүүчү факторлор катарында: жашоо шартынын төмөндүгү (96 %); жумушсуздук (77%); ички миграция (65%); бийликтеги коррупция, уруучулук (33%); укуктук билимсиздик (28%); инфраструктуранын өнүкпөстүгү (23%); коомдогу бөлүнүүлөр (19 %); өлкөдөгү саясий абал (12%).

Социологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыктары көрсөткөндөй шаарда жана айылда төмөндөгү маселелер актуалдуу: 98% − экономикалык мүнөздө; 96% − социалдык мүнөздө; 84% − укуктук маанайда. Алардын арасында актуалдуу көйгөйлөр катарында: таза сууга болгон мүмкүндүк (54%); жолдор (48%); каттоонун жоктугу (36%); жумушсуздук (32%); санитардык акыбал (24%); жер участокторун мамлекеттик каттоо (21%); кредиттерди алуунун кыйынчылыгы (18%); жакырчылык жана укуктук билимсиздик (12%); бийлик органдарынын коррупцияланышы (10%); амбулаториялардын жана аптекалардын жоктугу (4%).

Демек, чарбачылыктын жаңы түрлөрүн киргизүү чоң аракеттерди талап кылат, анткени буга чейинки жаңылыктардын жаңылыштыктары айылдыктар тарабынан ишенбөөчүлүктү алып келди. Бүгүнкү күндө дыйкандар өз күчтөрүнө гана ишенишет. Жаңы чарбачылык үлгүлөрүн киргизүүдө айылдыктарды укуктук суроолор, кирешелерди бөлүштүрүү сыяктуу маселелер боюнча окутуулар жана түшүндүрүүлөрдү жүргүзүү керек.

Кыргыз Республикасындагы аймактарындагы айыл чарба иштеринин конкреттүү багыттарын аныктап, калктын жашоо деңгээлинин төмөндүгүн эске алуу менен адистердин так сунуштарысыз ийгиликке жетишүү кыйын. Айыл чарба тармагында жаңы үлгүдөгү иштерди агартуу боюнча иштерди алып баруу, асыл тукумдуулукту жакшыртуу жана алардын санын көбөйтүү (ири мүйүздүү мал).